# 2023-жылдын өндүрүштүк жыйынтыктары

***«Кумтөр Голд Компани» ЖАК (мындан ары «КГК») 2023-жылдын жыйынтыгын чыгарды. «Кумтөр» кенинде 436 196 унция өндүрүлгөн, бул 13 567 кг алтынды түзөт. 2023-жылы Кыргыз Республикасынын бюджетине салыктар, Социалдык фондуна которуулар жана кайра каралган инвестициялык макулдашууда (КИМ) каралган башка милдеттүү төлөмдөр 196 096 миң АКШ долларын (17,2 миллиард сом) түздү.***

**2023-жылдагы КГКнын ишмердүүлүгүндөгү маанилүү окуялар**

КГКнын акцияларынын 100% «Кыргызалтын» ААКсына өткөн учурдан тартып Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин катышуусу менен акционерлердин жылдык жалпы биринчи чогулушу 2023-жылдын апрелинде өттү. Анда КГКнын бюджети, 2023-жылга карата иш планы бекитилди жана Кыргыз Республикасынын пайдасына 140 млн АКШ доллары өлчөмүндөгү дивиденддерди бөлүштүрүү боюнча чечим кабыл алынды.

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун катышуусу менен компаниянын Кумтөр кен-ишканасын иштете баштаганынын 30 жылдыгы белгиленди жана мамлекеттик сыйлыктар тапшырылды.

2023-жылдын августунда Тоголок кенин иштетүүгө жана Жаңгарт аянтында геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүүгө лицензия алган «Кумтөр Оперейтинг Компани» ЖАКтын башкаруу функциялары КГКга өткөрүлүп берилди.

Британиялык «Behre Dolbear» компаниясы өндүрүштүк жана экологиялык аудит жүргүзүп, анын жыйынтыгы боюнча оң корутунду чыгарылган.

«Metso Outotec» компаниясы тарабынан Кумтөр кен-ишканасындагы калдык сактоочу жайдын материалдарына технологиялык изилдөөлөр жүргүзүлгөн жана алтынды бөлүп алуу үчүн мүмкүн болгон технологиялык схемалар аныкталган.

«Mining One» компаниясы тарабынан Кумтөр кенинин карьерден тышкаркы запастарын эл аралык стандарттарга ылайык жер астындагы ыкма менен иштетүүнүн техникалык-экономикалык негиздемеси (ТЭН) алынган. ТЭН жыйынтыктары долбоордун экономикалык жагымдуулугун ырастайт жана жер астындагы кенди долбоорлоого жана курууга киришүүгө мүмкүнчүлүк берет.

## КГКнын негизги өндүрүштүк жана каржылык жыйынтыктары

| Млн АКШ доллары менен | 2023 | 2022 |
|---|---|---|
| **Негизги каржылык көрсөткүчтөр:** | | |
| Киреше | 849,0 | 986,5 |
| Сатуу наркы | 362,8 | 414,5 |
| Башка операциялык чыгымдар жана кирешелер | 181,8 | 187,8 |
| Башка операциялык эмес чыгымдар жана кирешелер | 1,9 | 12,5 |
| Таза киреше | 302,5 | 371,7 |
| | | |
| **Өндүрүштүн негизги көрсөткүчтөрү:** | | |
| Тоо-кен иштеринин көлөмү (миң тонна) | 193 934 | 171 334 |
| Өндүрүлгөн товардык руданын көлөмү (миң тонна) | 16 276 | 5 601 |
| Казылып алынган рудадагы алтындын орточо курамы (г/т) | 1,90 | 3,70 |
| Кайра иштетилген руданын көлөмү (миң тонна) | 6 323 | 6 135 |
| Фабрикага берилүүчү рудадагы алтындын орточо курамы (г/т) | 2,74 | 3,51 |
| Алтынды казып алуу коэффициенти (%менен) | 78,56% | 80,42% |
| | | |
| Тоо-кен иштеринин бардык чыгымдары (тоннасына USD менен) | 1,30 | 1,48 |
| Фабрикадагы кайра иштетүүнүн бардык чыгымдары (тоннасына USD менен) | 14,27 | 13,74 |
| | | |
| Өндүрүлгөн алтын (унция менен) | 436 196 | 556 375 |
| Өндүрүлгөн алтын (килограмм менен) | 13 567 | 17 305 |
| Сатылган алтын (унция менен) | 436 508 | 555 692 |
| Сатылган алтын (килограмм менен) | 13 577 | 17 284 |
| Сатуунун орточо баасы (унция үчүн) | $1 945 | $1 775 |

**Өндүрүштүк ишмердүүлүк**

2023-жылы алтын өндүрүүнүн көлөмү мурда казылып алынган руданын кампа запастарын кайра иштетүүнү эсепке алганда, 436 196 унцияны же 13 567 кг алтынды түзгөн. Ал эми 2022-жылы ал 556 375 унцияны же 17 305 кг алтынды түзгөн. Алтын өндүрүүнүн көлөмүнүн азайышы фабрикага берилген рудадагы алтындын курамы кыйла төмөн болушуна, ошондой эле рудадан металлды алуу коэффициентинин азайышына байланыштуу болду. 2023-жылы кампалардан фабрикага жеткирилген ар түрдүү рудалардагы алтындын курамы тоннасына орточо 2,74 граммды түздү, рудадан алтынды алуу коэффициенти 78,56% болду. Ал эми 2022-жылы бул көрсөткүчтөр тоннасына 3,51 грамм жана 80,42% ды түзгөн.

**Тоо-кен иштери**

2023-жылы тоо-кен иштерин өнүктүрүү планына ылайык, «Кумтөр» кен-ишканасындагы жумуштар Борбордук, Сары-Төр жана Түштүк-Батыш карьерлеринде жүргүзүлгөн. «Кумтөр» кен-ишканасындагы тоо-кен иштеринин көлөмү 2023-жылы 193,9 млн тонна, ал эми 2022-жылы 171,3 млн тоннаны түзгөн. 2023-жылы тоо-кен иштеринин көлөмүнүн көбөйүшүнө оор тоо-кен техникасын натыйжалуу пайдалануу жана бөлүштүрүү таасирин тийгизди.

**2023-жылы кайра эсептөөдө тоо-кен иштерин жүргүзүүгө кеткен чыгымдар** казылып алынган руданын тоннасына 1,30 долларды түздү, ал эми 2022-жылы 1,48 долларды түзгөн. Тоо-кен иштерине кеткен чыгымдардын азайышы тоо-кен иштеринин көлөмүнүн көбөйүшүнө жана чыгымдардын кыскарышына, анын ичинде дизель майына жана жардыргыч заттарга болгон баанын төмөндөшүнө байланыштуу болду. 2023-жылы тоо-кен иштерин жүргүзүүгө кеткен чыгымдардын жалпы суммасы 251,7 млн долларды түздү, ал эми 2022-жылы чыгашалардын жалпы суммасы 254,2 млн долларды түзгөн.

**2023-жылы фабрикада кайра иштетүүгө кеткен чыгымдар** кайра иштетилген руданы тоннага кайра эсептегенде тоннасына 14,27 долларды түздү, ал эми 2022-жылдын ошол эле мезгилинде 13,74 долларды түзгөн. Кымбаттоо - катуу рудалардын көбүрөөк болгонуна байланыштуу майдалоочу шарларга көп каражат сарпталганына, реагенттерди керектөө жана анын наркынын көбөйүшү менен да байланыштуу болду. Фабрикадагы кайра иштетүүгө кеткен чыгымдар 2023-жылы 90,3 миллион долларды, ал эми 2022-жылы 84,3 миллион долларды түзгөн.

**Даяр продукцияны сатуу**

«Кумтөр» кенинде өндүрүлгөн Доре куймалары 2009-жылы «Кумтөр Голд Компани», «Кыргызалтын» ААК жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосунда түзүлгөн алтын жана күмүштү сатуу жөнүндө кайра каралган келишимде (АКСЖКК) каралгандай, Кара-Балта шаарындагы аффинаждык ишканада андан ары кайра иштетүү үчүн «Кыргызалтын» ААК тарабынан сатылып алынат. АКСЖККнын жоболоруна ылайык, аффинаждалган алтын менен күмүштү Кыргыз Республикасында жана анын чегинен тышкары сатып өткөрүү укугуна «Кыргызалтын» ААК гана ээ.

2023-жылы КГК 436 508 унция (13 577 кг) алтын реализациялаган, ал эми 2022-жылы 556 692 унция (17 284 кг) алтын сатылган. Алтынды сатып өткөрүүдөн жалпы киреше 2023-жылы 849,0 млн долларды түздү, ал эми 2022-жылы бул көрсөткүч 986,5 млн долларды болгон.

*Маалымат үчүн: троя унциясы = 31,10348 грамм.*
*Бардык акчалай суммалар, эгерде башкасы белгиленбесе АКШ долларында.*

## Кыргыз Республикасынын бюджетине төлөмдөр жана милдеттүү чегерүүлөр

2023-жылы Кыргыз Республикасынын бюджетине салыктар, Социалдык фондуна которуулар жана 2009-жылы кайра каралган инвестициялык макулдашууда (КИМ) каралган башка милдеттүү төлөмдөр **196,1 млн АКШ долларын** (17,2 млрд сом) түздү.

***Кумтөрдүн 2023-жылдагы салыктар, фонддук төлөмдөр жана милдеттүү төлөмдөр түрүндөгү салымы.***

| Салыктар, фонддорго төлөмдөр ж. б. КГКнын милдеттүү төлөмдөрү | 2023 ж. | 2023 ж. | 2022 ж. | 2022 ж. |
|---|---|---|---|---|
| | миң АКШ долл. | **миң сом** | миң АКШ долл. | **миң сом** |
| Дүң киреше салыгы (13%)* | 116 284 | 10 206 311 | 127 011 | 10 580 568 |
| Минералдык-сырьелук базанын өсүшүнө жылдык сумма-анын ичинде | 29 618 | 2 632 282 | 204 330 | 16 849 049 |
| *2021-жыл үчүн жылдык сумма (2021-жылдагы авансты эске алгандагы калдык)* | - | - | 8 449 | 711 827 |
| *2015-2020-жылдар үчүн жылдык сумма (кошумча эсептөөлөр)* | - | - | 155 818 | 12 845 912 |
| 2022-жылга жылдык сумма | - | - | 40 062 | 3 291 311 |
| Ысык-Көл салымы (1%)* | 8 389 | 735 773 | 9 647 | 800 813 |
| Киреше салыгы | 733 | 64 731 | - | - |
| Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча чегерүүлөр | 24 276 | 2 129 437 | 25 076 | 2 113 661 |
| Салыктар жана жыйымдар (киреше салыгы, резидент эместердин кирешесине салык, КНС, бажы төлөмдөрү ж. б.) | 5 599 | 492 446 | 6 307 | 529 765 |
| Региондорду өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөштүк фондуна төлөмдөр (0,4%)** | 1 597 | 138 537 | 3 858 | 320 325 |
| Экологиялык төлөмдөр жана айлана-чөйрөнү коргоо агенттигинин пайдасына чегерүүлөр | 310 | 26 561 | 310 | 26 288 |
| Жаратылышты өнүктүрүү фондуна төлөмдөр** | 1 542 | 134 251 | 3 700 | 301 763 |
| «Теңир-Тоо» Нарын облусун Өнүктүрүү Фондуна салымдар (0,6%) | 5 033 | 441 464 | 3 099 | 262 226 |
| КР жер үстүндөгү суу ресурстарын пайдалануу үчүн жыйым | 2 717 | 239 278 | 4 353 | 367 212 |
| **Бардыгы:** | **196 096** | **17 241 071** | **387 690** | **32 151 670** |

*(*) 2009-жылдын 24-апрелиндеги Кумтөр долбоору боюнча жаңы шарттар жөнүндөгү Макулдашууга ылайык, Ысык-Көл облусун Өнүктүрүү Фондуна дүң кирешеге салыкты жана төгүмдөрдү эсептөө үчүн база болуп көрсөтүлгөн мезгилдеги продукцияларды сатуудан иш жүзүндөгү акчалай түшүүлөр эсептелет.*

*(**) Жаратылышты өнүктүрүү фондуна жана аймактарды өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөштүк фондуна төлөмдөр 01.06.2023-жылга чейин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен «Центерра Голд Инк» компаниясынын жана «Кумтөр Голд Компани» ЖАКтын жана «Кумтөр Оперейтинг Компани» ЖАКтын ортосундагы 2017-жылдын 11-сентябрындагы курчап турган чөйрөнү коргоо жана инвестицияларды өнүктүрүү боюнча стратегиялык Макулдашуунун жана 2019-жылдын 7-августундагы бир тараптуу милдеттенменин аракети токтотулган күнгө чейин ишке ашырылган.*

**Дивиденддер**

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча 140 млн АКШ доллары өлчөмүндө дивиденддер төлөнгөн.

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча 151,3 млн АКШ доллары өлчөмүндө дивиденд төлөнөөрү пландалууда.

| Миң АКШ долл. | 2023-ж. | 2022-ж. |
|---|---|---|
| Таза киреше | 302 535 | 371 721 |
| Мезгил ичиндеги таза кирешеге карата пайыз менен: | 50,01% | 37,66% |
| **Дивиденддер** | **151 298** | **140 000** |